**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ ТАЛАС РАЙОНУ**

**КАЛБА АЙЫЛДЫК АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**КАЛБИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНАВЛЕНИЕ

**13.01.22. №3** **А. Огонбаев айылы.**

Кадырбек уулу Эрнистин кашар жана чабан үй куруу боюнча жазган арызын карап көрүп, Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 «Жер участокторун которуу(трансформациялоо) жөнүндө» Мыйзамын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө" Убактылуу жобону жана Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесин жетекчиликке алып Калба айылдык Кеңеши;

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Калба айыл аймагынын административдик чегиндеги "Жалпак Коо " участогунун №868 чөйрө сызыгындагы жалпы аянты 0,20 га жер участогун "Запастагы жерлер" категориясынын жайыт жерлер түрүнөн "Короо сарай куруу үчүн " категориясынан башка жерлер категория (курулуш алдындагы) жерлерге которууга (трансформациялоого) уруксат берилсин.

2.Жерлерди бир категориядан башкасына же, чарба жерлеринин башка түрүнө которуу (трансформациялоо) жөнүндө жерге жайгаштыруу көктөмөсүн даярдоо менен байланышкан иштерди каржылоо жагы, арыз ээсинин жеке каражатынын эсебинен жүргүзүлсүн.

3. Жогоруда аталган мыйзамдарга ылайык, которуу (трансформациялоо) боюнча тиешелүү корутундуларды жана юридикалык иш кагаздарын толуктоо, Талас райондук жер комиссиясына сунушту даярдоо, Калба айыл өкмөтүнүн башчысы З.Төлөевага милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Сатыбек у Максат**